# Бишкек шаарынын Ленин районундагы №82 жалпы орто билим берүү мектебинин укук бузуучулукту алдын алуу кеңешмесинин

# Протоколу № 3

Күнү: 19.11.2021-жыл

Төрага: Исраилова А.Н.

Катчы: Муканбетова А.А.

Катышканы: 10

Катышпаганы: 0

**Кун тартибинде каралган маселелер:**

1. Сабак учурунда сабактан качкан окуучулардын себебин аныктоо
2. Ден соолукка зыяндуу адаттардан арылуу маселелерин кароо
   (тамеки жана насвай,электрондук тамекинин зыяндуулугун түшүндүрүү иштери)

**Угулду:** Күн тартибиндеги 1- маселе бюонча, мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары Турдукулова З.Т. сөз сүйлөдү. Ал өзүнүн сөзүндө сабак учурунда сабактан качкан окуучулар көбүнчө кечигип жургөндөр же мугалим тарабынан эскертүү алган окуучулар болуп жаткандыгын айтты. Жана ошондой эле, мектептин соцпедагогу жана БИИ кызматкери тарабынан көзөмөл катуу күчөтүлгөндүктөн,алардын саны кескин түрдө азайгандыгын жана жокко эсе болгондугун айтты.

Бул маселе боюнча,мектептин социалдык педагогу Муканбетова А.А. сөз сүйлөдү. Ал өзүнүн сөзүндө, сабак учурунда бош жургөн окуучулар жок,бирок кээде дааратканага деп суранып чыгып ошол боюнча сыртта жүрүп алган окуучулар кездешээрин айтып өттү. Алар көбүнчө мектептин подвалында жүрөөрүн жана столовойдо да жүрүп калгандыгы катталып жаткандыгын билдирди. Ал окуучулар ошол замат соцпедагогдун кабинетине алынып келинип,түшүнүк каттар жазылгандан кийин,алар менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп жаткандыгын айтып өттү.

**Угулду:** Күн тартибиндеги 2- маселе бюонча мектептин БИИ инспектору Саттаров М.А. сөз сүйлөдү. Ал өзүнүн сөзүндө,ал окуучулар насвай,тамеки менен кармалып жаткандыгын,о.э электрондук сигареттер кармап жүргөн жеринен кабинетке алып келүү менен алардан түшунүк кат алынып жаткандыгын билдирди. Ал өз сөзүндө,сураган учурда балдар электрондук тамекилерди таап алгандыгын айтышканын же сумкаларына бирөөлөр салып коюп жатышкандыгын айтып өттү.

Көбүнчө тамеки,насвай,электрондук тамекилер чыккан класстар 7-8-9-класстар болуп жаткандыгын айтты.

Бул маселе боюнча мектептин соцпедагогу Бакыт кызы Үмүт сөз сүйлөдү. Ал өз сөзүндө класстарга рейд жасаган учурларда окуучулардын сумкаларынан тамеки,насвай,электрондук тамекилер чыгып жаткандыгын жана ал окуучуларга ошол замат түшүндурүү иштери жүргүзүлүп,о.э. ата-энелери мектепке чакыртылып жаткандыгын айтып өттү. Ал ата-энелери түшүнүк каттарын жазгандан кийин дагы алар менен маектешүү иретинде эмне себептен балдары мектепке тамеки жана насвай алып журөөрүн такталып чыккандыгын айтты.Себебин бардык ата-эне айта албастыгын,б.а. акча каражаттары баланын тамактануусуна жана жол киресине беришээрин жазылгандыгын айтып өттү.

Сканировано с CamScanner

**Чогулуш жогорудагыларды угуп жана талкуулап төмөнкүдөй чечим кабыл алды:**

**Чечим:** 1. Сабак учурунда сабактан качкан окуучуларды көзөмөлдөө класс жетекчилерге, мектептин БИИ кызматкери Саттаров М.А.га, мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары Турдукулова З.Т.га милдеттендирилсин.

2.Ден соолукка зыяндуу адаттардан арылтуу максатында,ар кандай терс адаттарды, мисалы.тамеки жана насвай,электрондук тамеки чегүүнү тыюу класс жетекчилерге жана БИИ иштери боюнча инспектору Саттаров Муктарга милдеттендирилсин.

3. Бул иштердин жыйынтыгын көзөмөлдөп жана жыйынтыгын чыгаруу иштери тарбия завучуна жана соцпедагогго милдеттендирилсин.

Төрайым: Исраилова А.Н.

Катчы: Муканбетова А.А.

Сканировано с CamScanner

**Бишкек шаарынын Ленин районундагы №82 жалпы орто билим берүү мектебинин укук бузуучулукту алдын алуу кеңешмесинин**

# Протоколу № 4

Күнү: 10.12.2021-жыл

Төрага: Исраилова А.Н.

Катчы: Муканбетова А.А.

Катышканы: 12

Катышпаганы: 2

**Кун тартибинде каралган маселелер:**

1. Сабакты көп калтырган окуучуларды тактоо
2. Мектепте одоно тартип бузган окуучулардын иштерин кароо (налог салган,мушташ уюштурушкан окуучулар)

**Угулду:**

Күн тартибиндеги 1-маселе боюнча, метептин социалдык педагогу Муканбетова Айнура Амантуровна сөз сүйлөдү. Ал өзүнүн сөзүндө, биринчи кенешмеде каралган сабакты себепсиз көп калтырган окуучулар класс жетекчилер жана алардын ата-энелери тарабынан такталып чыккандыгын айтты. Аларга төмөнкү окуучулар кирет:

1. Шабданов Усман 5-ж кл. Класс жетекчиси Усупбекова Бегимай
   Бул окуучу брохит оорусу менен ооругандыгы жана справка менен сабакка кайрадан келе баштагандыгы такталган.
2. Колбаев Муслим 9-е кл. Класс жетекчиси Исраилова А.Н.
   Бул окуучу ата-энеси тарабынан Россия мамлекетине жиберилгендиги такталды.
3. Жумакадыров Даниель 7-ж кл. Класс жетекчиси Садабаева Нурия
   Бул окуучу башталгыч класста эле нерв оорусу менен жабыркагандыгы билингендигин,бирок ата-энеси аны моюнга албай балага убагында медициналык жардам корсөтүлбөгөдүктөн,бала сабакка такыр келбей калган,эми класс жетекчи жана соцпедагогдун кийлигишүүсү менен ал окуучу спец.школага чоң энеси тарабынан алынып кетти.
4. Шакирбеков Нурбек 8-а кл. Класс жетекчиси Сатыбалдиева Асель
   Бул окуучуну ата-энеси билип эле Элмурат деген ырчы менен иштетип коюшкандыктан,сабакка келбей жаткан.Класс жетекчи жана соцпедагогдун аракети менен ал окуучу да справка менен мектепке кайтарылды.

5. Карыбеков Нуртилек 9-д класс Класс жетекчиси Анарбекова Гулжан
   Бул окуучу узак убакытты талап кылган кылган дарылануусда болгондуктан сабакка келе албай жаткан.Аны класс жетекчиси тактап,бала справка менен мектепке сабакка келди.

6. Джуманазарова Аяна 8-г класс Класс жетекчиси Таабалдиева Гулзат
   Бул окуучунун биртууган иниси катуу ооруга чалдыккандыктан апасы менен Турция мамлекетине кетишкен.Ал апасына кичинекей инисин багып карап турганга алып кеткен.Соцпедагог жана класс жетекчинин тактоосу менен ал окуучу кыз дагы Турциядагы окууга тартылган.

Сканировано с CamScanner

7. Жусупакматов Бахыт 9-е кл. Класс жетекчиси Исраилова А.Н.
Бул окуучу справка менен келип кайрадан окууга келди.
8.Жаныбекова Асель 8-в класс жетекчиси Тургунбек к Акылай
Бул окуучу Токтогул районуна таэжесиникине онлайн окуу учурунда кеткен,ошол бойдон ал жактан окууга келген эмес.23-октябрь менен Токтогулга которулду.

**Угулду:**

Күн тартибиндеги 2-маселе боюнча, мектептин директору Исраилова А.Н. сөз сүйлөдү. Ал өзүнүн сөзүндө мектепте одоно тартип бузган окуучуларды дыкаттык менен көзөмөлгө алуу иштерин күчөтүш керектигин айтып өттү.

Бул маселе боюнча мектептин тарбия завучу Турдукулова З.Т. сөз сүйлөдү. Ал оз сөзүндө мектепте сабак учурунда бош жургөн окуучу болбош керектигин жана танапис учурунда сыртта болобу же ажатканада болбоу БИИ инспектору дайыма аларды көзөмөлдөп турусу кажет экендигин айтты.

Бул маселе боюнча мектептин БИИ боюнча кызматкери Саттаров М.А. сөз сүйлөдү. Ал оз сөзүндө,мушташ уюштурушкан окуучулар дароо эле соцпедагогдун кабинетине алынып келип,ошол замат түшүнүк каттарын жаздырып,алардын ата-энелери жана класс жетекчилери чакыртылып түшүндүрүү иштери үзгүлтүксүз жүргүзүлүп жаткандыгын айтып өттү.

**Чогулуш жогорудагыларды угуп жана талкуулап төмөнкүдөй чечим кабыл алды:**

**Чечим:**

1. Сабакты системалуу калтырган окуучуларды тактоо иши канаатандыралык деп табылсын.

2. Сабак учурунда же сабактан тышкаркы учурларда одоно тартип бузган окуучулардын санын алып тактоо жана аларды алдын алуу иштери мектептин БИИ боюнча инспекторуна тапшырылсын

Төрайым: Исраилова А.Н.

Катчы: Муканбетова А.А.

Сканировано с CamScanner